# Мен бул оюнду гана ойногум келет



Автор: Ким Сокна

Сүрөтчү: Фанн Сохён

Которгон: Назира Сартбаева

# Мен бул оюнду гана ойногум келет

Автор: Ким Сокна
Сүрөтчү: Фанн Сохён
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мен бул оюнду гана ойногум келет" (кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *I Only Want to Play This* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Kim Sokna жана сүрөтчүсү Khin Koemian. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2021-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: [https://www.letsreadasia.org/book/488f317b-82c8-46ac-bc31-7053df94dda9?bookLang=4846240843956224](https://www.letsreadasia.org/book/488f317b-82c8-46ac-bc31-7053df94dda9?bookLang=4846240843956224)

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Жекшемби. Софип керебетте апасынын телефонунда ойноп жатат. Ал күн бою өзү жакшы көргөн оюнду ойноп жатат.

– Ат, ат, чурка, чурка, кач, кач!

– Софип, телефонду мага берчи, туруп түшкү тамагыңды же – деди апасы бөлмөгө кирип.

– Дагы бир аз ойноп алайынчы! – деп Софип макул болгон жок.





– Софип, тур. Түштөнө турган убак болду.

– Дагы бир аз ойноп алайынчы, – деп Софип апасынын айтканынан дагы баш тартты.

– Жок, – деди апасы. – Сен дароо азыр барып түшкү тамагыңды жегин!

– Жок, жебейм! Ойногум келип жатат, – деди Софип.





Софип өз бөлмөсүндө калды.

Тык-тык-тык.

– Софип, мен карындашың Софа менен сейилдегени баратам. Жүр, биз менен, – деп чакырды апасы.

– Жок, барбайм, мен оюнумду гана ойногум келет, – деп Софип айтканынан кайткан жок.





– Кел, экөөбүз бул жумшак пил менен ойнойлу, – деп кечинде Софа байкесине кайрылды.

Софип башын чайкады.

– Софип, билесиңби, бүгүн мен тирүү пилди көрдүм. Ал ушундай чоң экен! – деди Софа.

– Өкүнүчтүү! – деп ойлонду Софип, – Мен дайыма пилди көргүм келчү.

Кечки тамактан кийин Софип апасынын телефонун табууга аракет кылды, бирок таба алган жок.





– Топ ойнойсуңбу? – деп эртеси достору келишти. Софип башын чайкады.

– Мен топ ойногум келген жок, апамдын телефонунда ойногум келет.

Софип кайрадан телефонду табууга аракет кылды, бирок таба алган жок.





Софип үшкүрүндү.

– Эмне кылышты билбейм, – деп сүйлөндү ал. – Мен ойногум келип жатат, бирок телефонум жок. Зеригип кеттим.





Софип досторуна барды.

– Балдар, силерге кошулуп ойносом болобу?

– Албетте, кел чогуу ойнойлу!

Софипке достору менен топ ойногон абдан жакты.






Ал үйгө кайтып келгенде, Софип карындашын көрдү.

– Софа, сени менен ойносом болобу?

– Албетте, – деди ал. – Келиңиз, чогуу ойнойлу.

Софипке карындашы менен ойногон жакты.





– Апа, мага эми телефондун кереги жок! Андан башка кызыктуу көп нерсе бар экен, – деди Софип.

– Муну укканыма кубанычтамын, – деди апасы жылмайып.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ким Сокна
Сүрөтчү: Фанн Сохён
Которгон: Назира Сартбаева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли